**“Шаарыбыздын экологиясы сиздердин колдо!” акциясын өткөрүүнүн шарттары**

**1. Жалпы жоболору**

1.1. **“**Шаарыбыздын экологиясы сиздердин колдо!” акциясын өткөрүүнүн шарттары (мындан ары - Шарттар) «Керемет Банк» ААК (мындан ары - Банк) «Тазар Мекеним» ачык акционердик коому менен өнөктөштүктө (мындан ары - Өнөктөш) өткөрө турган акциянын эрежелерин аныктайт.

1.2. Акция Кыргыз Республикасындагы экологиялык кырдаалды жакшыртуу боюнча «Tazar» мобилдүү тиркемесинин керектөөчүлөрүнүн энтузиазмын колдоо жана Банктын төлөм карттарын жакшыртуу максатында уюштурулуп жаткан биргелешкен компаниянын алкагында өткөрүлөт жана Банктын 11 жылдыгына арналат.

1.3. Акциянын уюштуруучу болуп Керемет Банк» ААК (буга чейин жана мындан ары - Банк) саналат жана ал төмөнкү даректе жайгашкан: Бишкек шаары, Тоголок Молдо көч, 40/4, ИНН 02012201010017, код ОКПО 27231453

1.4. Акциянын өнөктөшү - «Тазар Мекеним» ачык акционердик коому (буга чейин жана мындан ары - Өнөктөш) жана ал төмөнкү даректе жайгашкан: Бишкек шаары, Логвиненко көч, 55/15, ИНН 02509202010174, код ОКПО 30946708

1.5. Акция ушул Шарттарда аныкталган тартипте өткөрүлүүдө жана 2021-жылдын 1-декабрынан тартып 2022-жылдын 1-апрелине чейин улантылат. Акциянын өткөрүлүүчү жери – Бишкек шаары.

**2. Акцияга катышуу тартиби**

2.1. Акцияга 18 жашка чыккан жана Бишкек шаарынын аймагында жашап, «Tazar» мобилдүү тиркемесинин пайдаланышкан Кыргыз Республикасынын ишке жарамдуу адамдары катыша алышат (Банктын жана Өнөктөштүн жумушчулары менен алардын аффилирленген адамдарын эске албаганда) (мындан ары – Акциянын катышуучулары).

2.2. Акциянын катышуучусу болуп катталуу үчүн Акция жүрүп жаткан мезгил ичинде колдонулган буюмдарды (желим, кагаз, айнек ж.б.) чогултуп жана өткөрүү менен «Tazar» мобилдүү тиркемесинде балл топтоо зарыл.

2.3. Колдонулган буюмдарды өткөргөндүгү үчүн акциянын катышуучуларына «Tazar» мобилдүү тиркемесинде балл берилет жана 1 кг колдонулган буюм үчүн 1 балл берилет.

Катышуучулар топтолгон баллдарды Акция жүрүп жаткан маалда алмаштырып алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

2.4. Катышуучулар өздөрүнүн чогулткан буюмдарын Өнөктөш тарабынан «Тазар» мобилдүү тиркемесинде көрсөтүлгөн кабыл алуу пункттарына алып келип өткөрө алышат.

2.5. Акциянын катышуучулары Банкка келип топтогон жана зарыл өлчөмдөгү баллдарын тиешелүү сыйлыкка алмаштыра алышат. Баллдарды алмаштыруу Акция жүрүп жаткан мезгилде жүзөгө ашырылат.

2.6. Биринчи болуп зарыл өлчөмдөгү балл топтоп, Банкка келип аны тиешелүү сыйлыкка алмаштырган 34 Катышуучу аталган Акциянын жеңүүчүсү деп табылат. Акциянын Катышуучусунун Банкка кайрылган учуру Акциянын жеңүүчүсү деп табылган мезгил саналат.

2.7. Акциянын бир Катышуучусу Акция өткөрүлүп жаткан мезгил ичинде 1 гана сыйлыкка ээ боло алат.

Акциянын жеңүүчүлөрүнүн жалпы саны Акциянын сыйлык фонду тарабынан чектелген. Акция өткөрүү мөөнөтү аяктаганына же сыйлык фонду пайдаланылып бүткөнүнө жараша токтотулат.

## 3. Акциянын сыйлык фонду

3.1. Акциянын сыйлык фонду Банктын өздүк каражаттарынын эсебинен түзүлгөн жана Акциянын катышуучуларына сыйлык берүү үчүн гана колдонулат. Сыйлык фонду берилүүчү сыйлыктардын жалпы саны менен чектелген – 67 даана (33 эко-баштыкча жана төлөм картасын чыгаруу үчүн 34 сертификат).

- 3.2. Сыйлык фондун түзүүчү сыйлыктарды Акциянын Катышуучулары тарабынан «Тазар» мобилдүү тиркемесиндеги баллдарга алмаштыруунун шарттары:

- 10 балл = бул 1000 сом пайдалуу балансы бар «Элкарт» төлөм картасын + эко-баштыкчасын чыгарууга мүмкүнчүлүк берүүчү 1 сертификат. Бардыгы 11 сертификат. Карта жеңилдетилген шарттарда чыгарылат: бекер тейлөө кызматы, камсыздандыруучу аманат = 0 сом. Бардыгы 11 сертификат жана 11 эко-баштыкча.
- 20 балл = бул 1000 сом пайдалуу балансы бар UnionPay Gold төлөм картасын + эко-баштыкчасын чыгарууга мүмкүнчүлүк берүүчү 1 сертификат (11 позиция). Карта жеңилдетилген шарттарда чыгарылат: бекер тейлөө кызматы, камсыздандыруучу аманат = 0 сом. Бардыгы 11 сертификат жана 11 эко-баштыкча.
- бул 1000 сом пайдалуу балансы бар Visa Gold төлөм картасын + эко-баштыкчасын чыгарууга мүмкүнчүлүк берүүчү 1 сертификат (11 позиция). Карта жеңилдетилген шарттарда чыгарылат: бекер тейлөө кызматы, камсыздандыруучу аманат = 0 сом. Бардыгы 11 сертификат жана 11 эко-баштыкча.
- 70 баллов = бул 11 000 сом пайдалуу балансы бар UnionPay Diamond Asia Prestige төлөм картасын + эко-баштыкчасын чыгарууга мүмкүнчүлүк берүүчү 1 сертификат.

Карта жеңилдетилген шарттарда чыгарылат: бекер тейлөө кызматы, камсыздандыруучу аманат = 0 сом.

**4. Сыйлыктарды берүү тартиби.**

4.1. Банк Акциянын катышуучуларынын «Тазар» мобилдүү тиркемесинде топтолгон баллдары үчүн сыйлык берет. Бул үчүн Катышуучулар Акция өтүп жаткан мезгил ичинде Банкка кайрылуулары абзел.

4.2. Сыйлык Акция өткөрүлүп жаткан мезгил ичинде төмөнкү дарек боюнча берилет: Бишкек шаары, Тоголок Молдо көч, 40/4, иш ыраааты: дүй.-жума., саат 8:30дан-17:00гө чейин.

4.3. Баллдарды сыйлыкка алмаштыруу үчүн акциянын Катышуучулары төлөм картасын чыгаруу боюнча Банктын ички ченемдик документтерине ылайык идентификация жол-жобосунан ийгиликтүү өткөн соң «Керемет Банк - Бишкек» ААК филиалынын Операциялык бөлүмүндө жайгашкан QR-кодду сканерден өткөрүп алуулары зарыл. Ошол эле учурда баллдарды пайдалануу тууралуу маалымат Банктын кызматкерине келип түшөт.

4.4. Акциянын жеңүүчүсү эсеп ачуу жана төлөм картасын чыгаруу боюнча сертификатты колуна алгандан кийин Банк кызматкерине паспортун берүүсү абзел.

4.5. Банк кызматкери жеңилдетилген шартта эсеп ачуу жана пайдалуу балanска ээ төлөм картасын чыгаруу үчүн Катышуучунун арызын кабыл алат жана төлөм картасын пайдалануунун шарттары тууралуу Катышуучуга маалымат берет.

**4. Акциянын башка шарттары**

Өздөрү тууралуу жеке маалыматтарды ыктыярдуу түрдө берүү менен акциянын Катышуучулары Банк жана/же Өнөктөш тарабынан акциянын Катышуучусу тууралуу жеке маалыматтардын чогултулушуна, сакталышына, пайдаланылышына, иштелип чыгышына жана жайылтылышына макулдугун берет. Акцияга катышуу фактысы өз кезегинде Катышуучунун өзү тууралуу маалыматтардын Банк же Өнөктөш тарабынан жарнамалык максаттарга колдонулаарына макул экендигин билдирет. Акциянын катышуучулары Акцияга катышуу тууралуу жарнамалык маектерди жалпыга маалымдоо каражаттарына берүүгө макул болушат жана бул үчүн кандайдыр бир сыйлыктарды талап кылышпайт. Бул өңдүү маектерге карата болгон баардык автордук укуктар Банкка жана/же Өнөктөшкө тиешелүү болот.

Сыйлыкты алуу үчүн акциянын Катышуучусу аталган Шарттарга ылайык талап кылынуучу аракеттерди Акция жүрүп жаткан мезгил ичинде аткарууга милдеттүү.

Акцияны өткөрүү шарттарын сактабоо Катышуучунун Акцияга катышуудан жана сыйлыктан баш тарткандыгын билдирет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Банк Акциянын жеңүүчү ала турган сыйлык менен байланышкан баардык салыктарды төлөйт.

Эгерде Катышуучу өзү тууралуу туура эмес маалымат берсе же аны  өз учурунда бербей же бул Шарттарды кандайдыр бир түрдө аткарбаган күндө Банк акциянын катышуучусуна сыйлык бербей коюуга укуктуу.

Банк өзү каалган учурларда Акция өтөрүү мөөнөтүн толуктоого жана же шарттарын, жана сыйлык фондунун өзгөртүүгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарында шарттарда бул тууралуу акция катышуучуларына маалымдоо менен Акцияны токтотууга же токтото турууга укуктуу.

Банк  жана Өнөктөш Катышуучулардын аты жөнүн, сыйлыктарын көрсөтүү менен Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмесин бардык жалпыга маалымдоо каражаттарына жайгаштырууга жана бул максаттар үчүн жеңүүчүлөрдүн сүрөттөрүн пайдаланууга укуктуу.